3-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү долбоору**

**1. Түзүлсүн:**

**Ысык-Көл району боюнча:**

– Чоң-Сары-Ой жана Кара-Ой айыл аймактарын бириктирип, Чоң-Сары-Ой айылын административдик борбор деп аныктоо менен Шайыбек-Ата айыл аймагы;

– Темир, Садыр аке, Кум-Бел жана Семеновка айыл аймактарын бириктирип, Темир айылын административдик борбор деп аныктоо менен Садыр аке айыл аймагы;

– Ананьево, Жусуп Абдрахманов жана Өрүктү айыл аймактарын бириктирип, Ананьево айылын административдик борбор деп аныктоо менен Жусуп Абдрахманов айыл аймагы;

– Тору-Айгыр жана Тамчы айыл аймактарын бириктирип, Тамчы айылын административдик борбор деп аныктоо менен Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагы;

Чолпон-Ата шаарынын курамына Ысык-Көл районунун Бостери айыл аймагы кошулсун;

**Тоң району боюнча:**

– Көл-Төр жана Ак-Терек айыл аймактарын бириктирип, Кара-Коо айылын административдик борбор деп аныктоо менен Ак-Терек айыл аймагы;

– Күн-Чыгыш, Кажы-Сай жана Тоң айыл аймактарын бириктирип, Бөкөнбаев айылын административдик борбор деп аныктоо менен Күн-Чыгыш айыл аймагы;

– Төрт-Күл жана Болот Мамбетов айыл аймактарын бириктирип, Төрт-Күл айылын административдик борбор деп аныктоо менен Болот Мамбетов айыл аймагы;

Улахол айыл аймагы административдик чек араларын өзгөртпөстөн, Кара-Талаа айылын административдик борбор деп аныктоо менен калтырылсын;

Көк-Мойнок айыл аймагы Ысык-Көл облусунун башка административдик-аймактык бирдиктеринин карамагына өткөрүп берилет;

**Жети-Өгүз району боюнча:**

– Жети-Өгүз, Ырдык жана Липенка айыл аймактарын бириктирип, Жети-Өгүз айылын административдик борбор деп аныктоо менен Жети-Өгүз айыл аймагы;

– Оргочор, Ак-Дөбө, Светлая Поляна жана Ак-Шыйрак айыл аймактарын бириктирип, Оргочор айылын административдик борбор деп аныктоо менен Оргочор айыл аймагы;

– Кызыл-Суу жана Саруу айыл аймактарын бириктирип, Кызыл-Суу айылын административдик борбор деп аныктоо менен Кызыл-Суу айыл аймагы;

– Дархан жана Жаргылчак айыл аймактарын бириктирип, Дархан айылын административдик борбор деп аныктоо менен Жаргылчак айыл аймагы;

– Барскоон жана Тамга айыл аймактарын бириктирип, Барскоон айылын административдик борбор деп аныктоо менен Барскоон айыл аймагы;

**Ак-Суу району боюнча:**

– Теплоключенка, Кереге-Таш жана Эңилчек айыл аймактарын бириктирип, Теплоключенка айылын административдик борбор деп аныктоо менен Кыдыр Аке айыл аймагы;

– Боз-Учук, Ак-Булуң, Жыргалаң жана Ак-Чий айыл аймактарын бириктирип, Ново-Вознесеновка айылын административдик борбор деп аныктоо менен Хан Теңири айыл аймагы;

– Каракол, Отрадное жана Тепке айыл аймактарын бириктирип, Каракол айылын административдик борбор деп аныктоо менен Каракол айыл аймагы;

Кара-Жал, Октябрь, Бөрү-Баш айыл аймактарын бириктирип, Октябрь айылын административдик борбор деп аныктоо менен Алтын-Арашан айыл аймагы;

Челпек айыл аймагы Ысык-Көл облусунун башка административдик-аймактык бирдигинин карамагына өткөрүп берилет.

**2. Шаарлар боюнча сунуштар:**

**Каракол шаары боюнча:**

Каракол шаарына Ак-Суу районунун Челпек айыл аймагы кошулсун;

**Балыкчы шаары боюнча:**

Балыкчы шаарына Тоң районунун Көк-Мойнок айыл аймагы кошулсун.